## ПЕДАГОГДУН МАДАНИЯТЫНДАГЫ РУХАНИЙ БААЛУУЛУКТАР ТУТУМУ

**Жантаев А.С., Жантаева Н.С.**
*Жантаев А.С. ф.и.к., проф. м.а., С. Нааматов атындагы НМУ, Нарын ш.*
*Жантаева Н.С. магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ, Нарын ш.*

***Аннотация.*** *Макалада педагогдун маданияты баалуулуктук багыт алуулар тутуму катары берилген. Педагогдун экзистенциялык, адептик, эстетикалык жана көркөмдүк баалуулуктары каралган.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *педагогдун маданияты, баалуулуктук багыт алуулар, азыркы педагогдун руханий аксиосферасы.*

.

## СИСТЕМА ДУХОВНЫХ ЦЕННОСТЕЙ В КУЛЬТУРЕ ПЕДАГОГА

***Аннотация.*** *В статье культура педагога представлена как система ценностных ориентаций. Рассматриваются экзистенциальные, нравственные, политические, эстетические и художественные ценности педагога.*

***Ключевые слова:*** *культура педагога, ценностные ориентации, духовная аксиосфера современного педагога.*

## THE SYSTEM OF SPIRITUAL VALUES IN THE CULTURE OF THE TEACHER

***Abstract.*** *The culture of teacher is resented as system of valuable orientations in the article. Existential, moral, political, esthetic, a values are considered here.*

***The key words:*** *culture of teacher, valuable orientations, spiritual axiosphere of modern teacher.*

Билим берүүнүн көйгөйлөрүн чечүүдө өзгөчө ролду педагогдун кесиптик маданияты жана анын өзөгү – баалуулуктук багыт алуулары ойной турганы ачык-айкын. Жалпы педагогикалык жараянда педагогдун маданияты педагогдун кесиптик-инсандык өнүгүүсүнүн универсалдуу көрсөткүчү жана ал жүзөгө ашыруучу ишмердүүлүктүн майнаптуулугунун эң маанилүү фактору болуп саналат. Педагогдун маданияты анын чыгармачыл өзүн өнүктүрүү жараянында коё берүүчү механизмдин ролун аткарат.

Кыргызстанда, кыргыз элинде мугалим, педагог ар дайым элдин эң бийик руханий умтулууларынын турмушка ашырылуусу болуп келген, ал эми педагогдун инсаны өзгөчө руханий-адептик сапаттарга: даанышмандыкка, адилеттүүлүккө, акпейилдикке, акылга ж.б.у.с. ээ кылынган. Педагогдун инсаны дагы, ал жүзөгө ашыруучу кесиптик ишмердүүлүк дагы өзүн өнүктүрүү керектөөсүнө жана айланадагыларды, биринчи кезекте окуучуларды өркүндөтүү зарылдыгына жооп берүүчү бийик идеалдар менен умтулууларга каныктырылууга тийиштиги күмөнсүз. Чыныгы педагог баланын руханий дүйнөсүн таанууга жана түшүнүүгө умтулат, ага өз баалуулуктарын марттык менен ыроолойт. Мындай педагогдун жүрүм-турумунун бөтөнчөлүгү анын башкага оң багыталуусу болуп саналат. Бул педагогдун рухандуулугу, анын инсан катары руханий байлыгы, адептик, интеллектуалдык, эстетикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн терең ички күчү жөнүндө кабарлайт. Ф.и.д., профессор С.О. Байгазиевдин айтымына караганда: «Педагогикадагы гумандаштыруу… педагогдун ички рухий-интеллектуалдык маданиятынан жаралып чыга келе турган нерсе» [1, 195-б.].

Замандаштардын баалуулуктук багыт алууларын теориялык жана эмпирикалык изилдөө азыр стратегиялык мүнөз күтүүдө, анткени жакынкы он жылдыктарда «элдин рухун» кандай турумдар аныктай турганынан, кыргыз элинин руханий-маданий дагы, денелик дагы мерчемде этникалык жалпылык катары өзүн сактоосу көз каранды болот. Ушуга байланыштуу элдин руханий-адептик саламаттыгы үчүн жогору жоопкерчилик тагылган замандаштарыбыздын – билим берүү кызматкерлеринин – руханий чөйрөсүнүн ал-абалы өзгөчө кызыгуу жаратат. Педагогикалык кесип конкреттүү педагогдун конкреттүү окуучунун калыптанып жаткан инсанына түздөн-түз таасир кылуусу түрүндө ишке ашкандыктан, анын коомдук мааниси чоң. Демек, азыркы педагогдун руханий аксиосферасынын «сүрөтүн», анны максатка багытталган өнүктүрүү үчүн түзүү, өзгөчө социалдык маанидеги эң актуалдуу дисциплина аралык милдет деп саналууга тийиш.

Ушуга байланыштуу баалуулуктук багыт алуулар, бир жагынан, адамдын «турмуштук кредосунун», башка жагынан – бүткүл жашоо ишмердүүлүгүнүн субстраты болуп саналуучу негизги психосоциалдык курулма деп ырастоого болот. Мындан инсандык баалуулуктук багыт алуулар өздүк аң-сезимдин инсандык маанилерди алардын «өзүмдүк Менге жол берилүүчүлүгү жана чукулдугу» турумдарынан ылгоосунун натыйжасында калыптанышары келип чыгат. Мындай ылгоо

чечим жеке учур боюнча эмес, жүрүм-турумдун туруктуу детерминанты катары чыгуучу генералдык инсандык маанинин көрүнүшү катары кабыл алынуучу моралдык-этикалык кубулуштарга карата өзгөчө так байкалат.

Руханий баалуулуктардын жеке адамдын жана жалпы элдин турмушу үчүн өтө маанилүүлүгүнө карабай, алардын тутуму менен түзүмү азырынча кенен иликтөөдөн алыс. Бирок бир нерсе күмөнсүз: руханий баалуулуктар адамдын социалдык жетилгендигин билдирүүнүн каражаты болуп саналат. Психологияда «акме» түшүнүгү бар. Адам «инсандык акмеге» жеткенде «өз ичине руханий-адеп-ахлактык баалуулуктарды камтыйт жана ошол байлыктарды көздөп, колдонгонго даяр болот» [4, 244-б.]. Инсандын бүтүн түзүмүндөгү алардын курамы менен карым-катнашы көп түрдүүлүгү жана табигый өз ара шартташкандыгы менен айырмаланышат. Биздин пикирибизде, руханий баалуулуктар категориясына кеңири мааниде субъекттин дүйнөгө, анын ичинде башка адамга карата мамилелерин жөндөөчү бардык психологиялык курулмаларды киргизүү керек. Педагогдун маданиятын экзистенциялык, адептик, саясий, эстетикалык жана көркөмдүк баалуулуктарды ичине алуучу тутум катары элестетүүгө болот, алардын ар бири өз кезегинде – көптөгөн жеке маанилерден түзүлгөн өз алдынча тутум. Аталган баалуулуктар өз руханий каныгуусуна ээ дагы, педагогдун аксиологиялык багыттарынын иерархиясында белгилүү бир орунду ээлешет.

Педагогдун руханий баалуулуктары «пирамидасынын» чокусунан экзистенциялык баалуулуктар толук негиздүү түрдө жай табышат. Аларга жашоонун мааниси менен баалуулугу, чечкиндүүлүк, үмүт, камкордук ж.б.у.с. киришет. Жашоонун маңызынын табиятын түшүнүү педагогдун руханий маданиятында педагогикалык иштин маңызын чечмелөөдө өзгөчө орунду ээлейт. Жашоонун маңызы инсандын өзүн аңдоосунун руханий өзөгүн берет, ал адамдын ынанымдарынын огу, анын эркинин түрткү бергичи болуп саналат. Педагогдун кесиптик ишмердүүлүгүндө жашоонун маңызы инсандын эркин тандоосун аныктайт, бул педагогикалык жараяндын билим берүүчүлүк жана тарбиялоочулук милдеттерин чыгармачыл чечүү үчүн принциптүү мааниге ээ болот.

Жашоонун маңызы, К.С. Станиславскийдин айтымында, адамдын жашоо ишмердүүлүгүнүн «артыкча-милдети» [6, с.362] болуп саналат, ага бардык турмуштук максаттар багынат. Ошондуктан, эгер педагогдун жашоосунун мааниси башынан эле гуманисттик кредо катары түзүлсө, анда анын турмуштук маанилүү багыттары, б.а. кесиптик жүрүм-турумунун максаттары адам чордончул умтулуулар болуп калышат. Мындай учурда педагогдун гуманизми педагогикалык ишмердүүлүктүн жараяндык жана коммуникациялык мүнөздөмөлөрүнө гана эмес, билим-берүү-тарбиялоо жараянынын натыйжаларына дагы объективдүү багытталат.

Педагогдун экзистенциялык баалуулуктары бир катар өзгөчөлүктөрү менен айырмаланышат. Баарыдан мурда аларга башка баалуулуктук багыттардан көбүрөөк маанилүүнү «сиңирүүгө» жол берүүчү интеграциялуулук мүнөздүү. Экзистенциялык баалуулуктар түпкүлүгүндө интроспекциялык-диалогдук болуп саналат, анткени жашоонун маңызын издөө – дайыма болуучу, анын ичинде ички дагы талаш, өзүнө байкоо жүргүзүү менен коштолуучу кубулуш.

Башкалардан айырмаланып, экзистенциялык баалуулуктар интраверттик багыт алууга ээ болушат, анткени педагог жашоонун маңызын өзү үчүн аныктайт. П.и.д., профессор Т.М. Сияев менен изденүүчү А. Айтбай кызынын белгилөөсүндө: "Бирок, инсанга жашоонун жалпы маңызы эмес, ошол мезгилге тиешелүү болгон жашоонун маңызы маанилүү болот» [5, 68-б.]. Экзистенциялык баалуулуктар инсандын аларды так аныктоо жана аңдоо мүмкүндүгү менен да принциптүү айырмаланышат, ал эми, мисалы, адептик жана эстетикалык баалуулуктар, баарыдан мурда эмоциялуу келишет.

Педагогдун руханий багыттары тутумунда борбордук орунду адептик баалуулуктар ээлешери ачык-айкын. Алар педагогдун руханий мотивациясынын ички импульсун камтышат да, педагогдун тегеректеги адамдар менен мамилеринен көрүнүшөт. Бул баалуулуктар экстраверттүү жана эмоциялык аң-сезимге негизделишет.

Жакшылык, изгилик, адилеттүүлүк, ынтымактуулук, альтруизм – булар педагогдун адептик баалуулуктар тутумунун кээ бир түзүүчүлөрү гана. Педагогикалык ишмердүүлүктө бул баалуулуктар руханий маданиятты инсан аралык жана инсандык-жамааттык деңгээлдерде түзүүгө тигил же бул өлчөмдө түрткү болушат. Башка адамга (жамаатка) мамиле кылуунун ыгына жана эгочордончул, тайпачордончул, просоциалдык же гуманисттик мамиленин үстөмдүк кылуусуна жараша биз педагогикалык жараянда адептик баалуулуктардын барлыгын же жоктугун аныктай алабыз. Гуманисттик мамиледе гана инсандын өзү баалуулугу, адептик багыттарынын өнүгүүсү болжолдонот. Негизи педагогикалык ишмердүүлүктө дайыма «жалпы адамзаттык баалуулуктарга таяныч» [2, с.195] зарыл.

Педагогдун адептик аң-сезиминин башкы шайманы анын уяты болуп саналат, ал индивид адам мамилелеринин маданиятына киргенде (өзүн таанууда) бышып жетилет да, адамды өзүнөн бийикке коюучу ички сотту, өзү, адамдар, дүйнө үчүн жоопкерчилик сезимин берет. Педагог үчүн уят – бул өз субъектинин тереңинен адептик күч-кубат алууга жардамдашуучу жана окуучулары менен мамилени оң гуманисттик нукка багыттоочу маанилүү руханий өзөк. Окумуштуулардын байкоосунда «…уят бул аң-сезимдүү аракеттердин чектөөсүн аныктайт» [5, 67-б.],

Педагогикалык тутумда өзгөчө мааниге педагогдун калыптанып жаткан (жардамга жана коргоого муктаж) адамга карата сүйүүсү ээ болот. Өз окуучулары менен өз ишин сүйгөн педагог бактылуу жана күчтүү, билим берүү жараянына жаңылык кийирүүгө, ар кандай тоскоолдорду жеңүүгө жөндөмдүү болуп калат.

Сүйүүгө ээ педагог кесиптик чөйрөнүн маанилүү компоненттерине карата өз мамилесин жоопкерчилик, камкордук, сыйлоо, билүү аркылуу көрсөтөт. Сүйүүдө камкордук адамга, анын жашоосуна, жан дүйнө саламаттыгына активдүү кызыгуудан көрүнөт. Сүйүү адамдын муктаждыктарын көңүл буруусуз калтырбоочу жоопкерчиликти болжойт. Сүйүүнүн көрүнүүсүндө адамды сыйлоо, б.а. инсанды объективдүү, сапаттарын ашыра чоңойтуусуз жана ашыра кичирейтүүсүз – ал кандай болсо ошондой кабыл алуу да айкын көрүнөрү шексиз. Сүйүүдө билүү предметтин маңызына терең сүңгүүнү, адамдын ички дүйнөсүнөн кабардар болууну болжойт.

Педагогикалык кесипте иш-аракеттердин эркиндиги жеке жана кесиптик жоопкерчиликти аңдаштыруу менен айкалышууга тийиш. Педагогдо өзүмдүк ар-намыс сезими өнүккөн жана өзүн баалоо билинген болууга тийиш, бул ага өз ишмердүүлүгүн инсандык жана технологиялык мүнөздөгү реалдуу мүмкүнчүлүктөр жыштыгында мерчемдөөгө жана жүзөгө ашырууга жол берет. Бул жагдай ал стратегия менен тактика деңгээлинде кесиптик маанилүү чечимдерди кабыл ала аларын жана белгилүү бир өлчөмдө кабыл алууга милдеттүү экенин, б.а. өзүнүн педагогикалык кредосун моделдөөдө (жападан жалгыз чектөө – «зыян келтирбе!» осуяты) жана кесиптик милдеттерди ишке ашыруунун усулдарын, ыкмаларын, каражаттарын, формаларын тандоодо көз карандысыз болууга тийиштигин туюнтат.

Белгилүү мааниде педагогдун саясий баалуулуктары актуалдуу болуп саналат: мекенчилдик, жарандуулук, улуттук ар-намыс ж.б.у.с. [1, 299-б.], алар педагогдун коомдун кызыкчылыктары менен идеалдарын эмоциялуу кабыл алуусуна негизделет. Педагог дайыма өз Ата Мекенинин патриоту жана жараны болгон, элдик салттарга камкор мамиле кылган, өз элинин тагдырын бөлүшкөн. Педагогдун саясий баалуулуктарга багыт алуусу анын жашоосун терең руханий мааниге толтурат да, реалдуу турмуштук кыйынчылыктар менен карама-каршылыктарды жеңүүгө жол берет. Педагогдун саясий баалуулуктары – бул анын тарбиялануучуларына, окуучуларына көп түрдүү социомаданий мейкиндикте багыт көрсөтүүчү, өз элинин тагдырына тийиштүүлүктү тарбиялоочу аксиологиялык вектор.

Педагогдун руханий маданияты эстетикалык баалуулуктарды да камтыйт: кооздук, поэтикалык, трагедиялуу, комедиялуу, көтөрүңкү ж.б.у.с. Баалуулуктардын бул тобунун иштөөсү үчүн педагогдун маданий жетишкендиктерди өздөштүрүү жараянында калыптануучу жана окуу-тарбия жараянынын эмоциялык-сезимдик фактору катары чыгуучу өнүккөн эстетикалык табит маанилүү. Эстетикалык баалуулуктар педагогдун инсанынын аң-сезиминин эмоциялык активдүүлүгүн билдиришет да, педагогдун дүйнөгө карата ал башынан кечирген сезимдин негизинде мамиле кылуусун көрсөтүшөт.

Педагогдун эстетикалык баалуулуктарынын тобунда чын дилдүү кубанычты, жаркын оптимисттик сезимди ойготууга жана бир эле учурда адамда асыл жана көтөрүңкү толгонууларды ойготууга жөндөмдүү, инсанды адептик жана интеллектуалдык байытуучу сулуулук өзгөчө бөлүнүп турат. Эстетикалык баалуулуктар педагогикалык ишмердүүлүккө инсандык-чыгармачылык мүнөз беришет, окуучулар менен мамилелерге жана жалпы эле билим берүү жараянына уникалдуу колорит кийришет.

Чыгармачылык баалуулук катары – бул өзгөчө түрдөгү ишмердүүлүк, анда колдо бар тажрыйбанын негизинде өзгөрүлүүчү шарттарда жаңы бир нерсе туулат. Ар кыл кесиптик милдеттерди оригиналдуу, трафаретсиз чечүү ар бир эле педагогдун колунан келе бербейт, бирок эгерде педагогикалык ишмердүүлүк өз табияты боюнча көбүнчө уникалдуу кырдаалдарды чечүүдөн турарын эске алсак, анда чыгармачылык башталма анын тышкы атрибуту гана эмес, ички мүнөздөмөсү да болуп саналары айкын болот.

Окуучуларды окутууга, тарбиялоого жана өнүктүрүүгө карата чыгармачыл мамилени толук өлчөмдө ишке ашыруу үчүн педагог толук өзүн берүүгө умтулууга, педагогикалык туюмга, кесиптик жактан акталган импровизацияга жөндөмдүүлүккө ээ болууга тийиш. Чыгармачылык педаго-

гикалык ишмердүүлүктүн маанилүү мүнөздөмөсү болуп, баарыдан мурда ал педагогикалык ишмердүүлүктү чеберчилик аймагынан өнөр аймагына которгону менен эсептелет. Эгерде педагогикалык эмгектин чебери эмгек маданиятына, өзү билим алуу керектөөсүнө ээ жана кесиптик ишмердүүлүктө жогору натыйжаларды көрсөтүүчү эрудициялуу педагог болуп саналса, анда педагог-сүрөткер, жаратман, аталгандан тышкары, окутуу-тарбиялоо актысын көркөм өнөр чыгармасын жаратуу нугунда түзүүгө айкын билинген жөндөмдүүлүккө ээ болот.

Педагогдун руханий маданиятында инсандын көркөм өнөр чыгармаларына карата мамилесин камтуучу көркөмдүк баалуулуктардын барлыгы чоң мааниге ээ болот, аларда чебер адам ышкыларынын, эмоцияларынын дүйнөсүн ачат жана түшүндүрөт, чындыкты адамдардын мүнөздөрү менен мамилелеринин призмасы аркылуу чагылтат. Көркөмдүк баалуулуктарга ээ болгон педагог, дүйнөнүн баалуулуктук байлыгын эселенте кабыл алат. Анткени, көркөм өнөрдө ойлордун, сезимдердин, толгонуулардын квинтэссенциясы топтоштурулган, ошондуктан, көркөм чыгармалардын сырларына сүңгүп, педагог жашоо, анын маңызы жана баалуулуктары жөнүндө терең ой жорууларга келет.

Көркөмдүк баалуулуктар көркөм өнөрдүн жардамы менен азыркы педагогдун бүтүн инсанынын калыптануусуна түрткү болушат, анын интеллектин, элестүү ой жүгүртүүсүн, кыялдануусун, эстетикалык табитин, бийик сезимдерин жана эмоциялык маданиятын өнүктүрүшөт. Көркөм өнөр адамзаттын эң бай тажрыйбасын жекече өздөштүрүү мүмкүндүгүн берет. Көркөм өнөрдүн баалуулуктарына ыракаттануу өз инсанын тереңдетүүгө, дүйнөнү, адамды тагыраак туюуга жардамдашат. Педагог үчүн көркөмдүк баалуулуктар анын чыгармачыл дараметин өнүктүргөнү өтө маанилүү. Б.а., педагогдук кесипте маданият менен билим берүүнүн мүмкүнчүлүктөрү гармониялуу айкалышат, мында көркөмдүк баалуулуктар көп учурда педагогдун оптимисттик, эмоциялык, чыгармачылык ишмердүүлүгүнө өң-түс беришет.

Руханий турмуштун кубулуштарына карата баалуулуктук мамиледе көркөм табит өңдүү параметр көрүнөт, ал адамдын кубулуштарды, предметтерди эстетикалык идеал көз карашынан баалоого жөндөмдүүлүгү катары аныкталат. Педагог үчүн көркөм табит өзгөчө зарыл, анткени ал мектеп турмушунун окуяларында, окуучулар менен мамилелерде, өзүнүн кесиптик милдеттерин аткарууда эстетикалык көз караштан багыт алууга жол берет. Классикалык мурастын көп түрдүү көркөм өнөр чыгармалары педагогго адам рухунун көрүнүүсүн, адамдар ортосундагы мамилелердин сулуулугун, адамдын сезимдери менен эмоцияларынын тереңдигин баалоо мүмкүндүгүн беришет. Бул жараянда көркөмдүк баалуулуктар жакшылыктын, сулуулуктун, асылдыктын, гумандуулуктун эч нерсе менен салыштыргыс багыты болуп саналышат, табит өзү болсо педагог маданиятка киргенде гана ээ болунат.

Ошентип, руханий баалуулуктар тутуму катары педагогдун маданиятынын негизги компоненттерин инсандын артыкчылыктарын даана туюнтуучу аксиологиялык багыттар түрүндө аныктоого болот. Заманбап шарттарда педагог уникалдуу инсан катары мезгилге ылайыктуу, гуманисттик маданияттын парадигмасына таянган баалуулуктар тутумун максаттуу өнүктүрсүн үчүн, максимум күч-аракет жумшоо керек. Бул жараянда доминанта педагогдун инсанына тышкы таасир кылуудан руханий маданияттын өзүн актуалдаштырууга, өзүн тарбиялоого, өзүн бекемдөөгө жылууга тийиш. С.О. Байгазиев педагогдорго кайрылып, «…адегенде өзүңдүн ичиңдеги жаман илдеттер менен күрөш, өзүңдү өзүң жең, адамдар менен ынтымакка, тынчтыкка, бейпилдикке, гармонияга, теңчиликке умтул, аларды сүй» [1, 338-б.] деп кеңеш айтат.

Азыркы педагогдун маданияты – адамдын мейкиндикте жана мезгилде өзүн сактоосун камсыздоочу баалуулуктук багыт алууларды камтуучу уникалдуу руханий курулма. Мындай тутумду моделдөө – бул Кыргыз Республикасынын билим берүү тутумунун актуалдуу абалы менен жакынкы келечектерин аныктоодогу диагностикалык жана прогностикалык жараян. Баалуулуктук багыт алуулар адамдын дүйнөгө жана өзүнө мамилесин кыйырланткандыктан, алардын ичинен руханий каныгууга ээлери менен инсандын өзүнчөлүгүн, ички тереңдигин жана билим берүү тутумундагы жалпылыкты, көп кырдуулукту өнүктүрүүгө максаттуу таасир кылуучуларын өнүктүрүү абдан маанилүү.

Азыркы педагогдун аксиосферасы нөнүктүрүү педагогикалык маданияттын түптөлүүсү үчүн принциптүү мааниге ээ болот. Баарыдан мурда бул баалуулуктук багыттар ишмердүүлүктүн максатын болжоону жана аны долбоорлоону так аткарууга, педагогикалык жараяндын артыкчылыктары менен чен-өлчөмдөрүн аныктоого, педагогикалык ишмердүүлүктүн өзүн жана билим берүү тутумунун катышуучуларынын руханий баарлашуусун гуманисттик нукка багыттоого жардам кылышканы менен түшүндүрүлөт.

**Пайдаланылган адабияттар:**

1. Байгазиев С.О. Педагогикалык руханият. – Б.: Алтын тамга, 2008. – 464 б.

2. Гуманистические воспитательные системы вчера и сегодня (в описаниях их авторов и исследователей). – М.: Педагогическое общество России, 1998. – 336 с.
4. Курак психологиясы: Окуу куралы. – Б.: Университет, 2011. – 274 б.
5. Сияев Т.М. Айтбай кызы А. Жогорку окуу жайынын педагогунун баалуулуктар системасы // Известия вузов, №4, 2014. – С.64-72.
6. Станиславский К.С. Статьи. Речи. Беседы. Письма. – М.: 1953, с.362.